**ОШ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИНИН ЖАРЧЫСЫ**

ВЕСТНИК ОШСКОГО ГОСУДАРСТВЕННОГО УНИВЕРСИТЕТА

BULLETIN OF OSH STATE UNIVERSITY

**ISSN: 1694-7452** **e-ISSN: 1694-8610**

№3/2025, 195-206

***ФИЛОЛОГИЯ***

**УДК: 821.512.154 (575.2)**
**DOI:** 10.52754/16948610_2025_3_0_15

# ПОРТРЕТТИК СҮРӨТТӨӨ Т. СЫДЫКБЕКОВДУН «ЖОЛ» ЖАНА «БЕЛ-БЕЛЕС» РОМАНДАРЫНЫН ПОЭТИКАСЫНДАГЫ КӨРКӨМ ЭЛЕМЕНТ КАТАРЫ

ПОРТРЕТНОЕ ОПИСАНИЕ КАК ХУДОЖЕСТВЕННЫЙ ЭЛЕМЕНТ В ПОЭТИКЕ РОМАНОВ Т. СЫДЫКБЕКОВА «ПУТЬ» И «ПЕРЕВАЛЫ ЖИЗНИ»

PORTRAIT DESCRIPTION AS AN ARTISTIC ELEMENT IN THE POETICS OF T. SYDYKBEKOV’S NOVELS “THE ROAD” AND “THE PASSES OF LIFE”

**Дамилова Нурийла Ашырбаевна**
*Дамилова Нурийла Ашырбаевна*
*Damilova Nuriyla Ashirbaevna*

**улук окутуучу, Ош мамлекеттик университети**
*старший преподаватель, Ошский государственный университет*
*SeniorLecturer, Osh State University*
ndamilova@oshsu.kg
ORCID: 0000-0001-6017-860X

---

**Каразакова Зувайда Жамиловна**
*Каразакова Зувайда Жамиловна*
*Karazakova Zuvaida*

**п.и.к., доцент, Ош мамлекеттик университети**
*к.п.н., доцент, Ошский государственный университет*
*Candidate of Pedagogical Sciences, Associate Professor, Osh State University*
zkarazakova@oshsu.kg
ORCID: 0009-0004-5812-226X

---

**Бекмуратова Рахат Топчубаевна**
*Бекмуратова Рахат Топчубаевна*
*Bekmuratova Rahat Topchubaevna*

**улук окутуучу, Ош мамлекеттик университети**
*старший преподаватель, Ошский государственный университет*
*SeniorLecturer, Osh State University*
rbekmuratova@oshsu.kg
ORCID: 0009-0004-1238-1928

# ПОРТРЕТТИК СҮРӨТТӨӨ Т. СЫДЫКБЕКОВДУН «ЖОЛ» ЖАНА «БЕЛ-БЕЛЕС» РОМАНДАРЫНЫН ПОЭТИКАСЫНДАГЫ КӨРКӨМ ЭЛЕМЕНТ КАТАРЫ

**Аннотация**

Бул макалада көркөм чыгарманын поэтикасындагы көркөм элемент катары портреттик сүрөттөө каармандын мүнөзүн ачууда негизги каражаттардын бири экендиги, ошондой эле ал окуянын өнүгүшүнө жана чыгарманын сюжеттик түзүлүшүнө да таасир этери белгиленет. Портрет көркөм дүйнөнүн ажырагыс бөлүгү болуп, каарманды гана эмес, автордун өзүнүн коомго, доорго болгон көз карашын да билдире тургандыгы жана адабий чыгарманын поэтикалык түзүлүшүндөгү маанилүү компонент экендиги көрсөтүлөт. Ал каарманды тааныштырып гана тим болбостон, анын ички дүйнөсүн, коомдогу ордун, автордун мамилесин ачып берери, башкача айтканда, портрет сөз аркылуу тартылган сүрөт, ошол эле учурда символдук-маанилик жүк көтөрө тургандыгы белгиленет. Т. Сыдыкбековдун «Жол» жана «Бел-Белес» романдарынын поэтикасында портреттик сүрөттөө маанилүү көркөм элемент катары каралат. Каармандардын образын ачууда портреттин функциялары, ошондой эле улуттук, социалдык жана психологиялык аспекттерди чагылдыруудагы ролу белгиленет.

***Ачкыч сөздөр:*** поэтикалык элемент, статикалык портрет, динамикалык портрет, экспозициялык портрет, психологиялык портрет

***Портретное описание как художественный элемент в поэтике романов т. Сыдыкбекова «Путь» и «Перевалы жизни»***

**Аннотация**

В данной статье отмечается, что портретное описание как художественный элемент в поэтике литературного произведения является одним из основных средств раскрытия характера героя, а также влияет на развитие событий и сюжетную структуру произведения. Подчёркивается, что портрет, будучи неотъемлемой частью художественного мира, отражает не только персонажа, но и взгляды самого автора на общество и эпоху, а также является важным компонентом в поэтической структуре литературного произведения. Указывается, что портретное описание не ограничивается лишь тем, что знакомит читателей с персонажем, но и раскрывает его внутренний мир, место в обществе и отношение автора к нему. В статье также отмечается, что портрет – это картина, написанная словами, которая одновременно носит символико-смысловую нагрузку. В поэтике романов Т. Сыдыкбекова «Путь» и «Перевалы жизни» портретное описание рассматривается как значимый художественный элемент. Отмечаются его функции в раскрытии образов персонажей, а также роль в отражении национальных, социальных и психологических аспектов.

***Ключевые слова:*** поэтический элемент, статический портрет, динамический портрет, экспозиционный портрет, психологический портрет

***Portrait description as an artistic element in the poetics of t. Sydykbekov's novels "The Road" and "the passes of life"***

**Abstract**

This article notes that portrait description, as an artistic element in the poetics of a literary work, is one of the main means of revealing a character's personality, as well as influencing the development of events and the plot structure of the work. It is emphasized that the portrait, being an integral part of the artistic world, reflects not only the character but also the author's views on society and the era, and is also an important component of the poetic structure of the literary text. It is pointed out that portrait description is not limited to merely acquainting the reader with the character, but also reveals his inner world, his place in society, and the author's perspective on him. The article also notes that the portrait is a picture painted with words, which simultaneously carries a symbolic and semantic load. In the poetics of T. Sydykbekov's novels The Road and The Passes of Life, portrait description is regarded as a significant artistic element. Its functions in revealing the characters' images are highlighted, as well as its role in reflecting national, social, and psychological aspects.

***Keywords:*** poetic element, static portrait, dynamic portrait, expositional portrait, psychological portrait

**Киришүү**

Кайсы гана жанрдагы көркөм чыгарма болбосун, анын борборунда адам табиятынын, ички руханий дүйнөсүнүн татаалдыгын аңдап-түшүнүүгө багытталган терең эстетикалык изденүү жатат. Адамдын ички жашоосун, сезим-туюмдарын, моралдык-этикалык сапаттарын жана жүрүм-турумун көркөм чагылдыруу – искусствонун, өзгөчө, көркөм адабияттын негизги максаты. Бул максат көркөм адабиятта, негизинен, көркөм образдар аркылуу ишке ашат. Ал эми көркөм образ өзүнүн ички түзүлүшүнө жана форма-маңызына жараша белгилүү поэтикалык мыйзам ченемдүүлүктөргө баш иет. Адабий образ – бул жеке инсан менен жалпы адамзаттык мүнөздүн, реалдуулук менен эстетикалык идеалдын жуурулушкан формасы катары чыгарманы түзүүдө чечүүчү ролду ойнойт. Адабий каарман адабиятта типтештирүү аркылуу жаратылган жалпыланган образ гана эмес, ошол эле учурда белгилүү бир индивидуалдуулукка ээ болгон конкреттүү инсандык болмуштун көркөм чагылышы катары да мүнөздөлөт.

Окумуштуу А. Юркина белгилегендей, каарман образын жаратуу бул ага мүнөздүү сапаттарды, ой жүгүртүүсүн, көз караштарын, жан дүйнөсүнүн өзгөчөлүктөрүн берүү менен гана чектелбестен, ошондой эле окурмандын аң-сезиминде көркөм элестетүү аркылуу анын келбетин түзүүгө, үнүн «угууга», тагдырына, жашоосуна жана социалдык чөйрөсүнө болгон кызыгууну жаратууга багытталган татаал чыгармачыл процесс болуп саналат (Чернец, Юркина, 2004, 199,207-б.).

Жазуучулар адабий каармандын образын түзүү жана аны ар тараптан терең ачып берүү процессинде ар түрдүү көркөм ыкмаларды колдонушат. Алардын катарында образдын индивидуалдуулугун ачып бере турган көркөм каражаттар өзгөчө мааниге ээ. Ушул каражаттардын ичинен каармандын көркөм портретин чыгарманын поэтикасындагы негизги жана таасирдүү элемент катары кароого болот. Көркөм адабиятта портрет каармандын сырткы келбетин элестетүү гана эмес, анын мүнөзүн, дүйнө таанымын жана жашаган доорун ж.б. ачып берүүчү маанилүү көркөм каражат болуп саналат.

Кыргыз адабиятынын классиги Түгөлбай Сыдыкбековдун «Жол» жана «Бел-Белес» романдарында портреттик сүрөттөө каарман образын түзүүдөгү негизги поэтикалык каражаттардын бири болуп саналат. Каармандардын сырткы келбетин сүрөттөө аркылуу автор каармандардын мүнөзүн, психологиялык абалын, мезгилдин духун, элдин аң-сезиминдеги өзгөрүүлөрдү жана жеке өнүгүү процессин жеткиликтүү чагылдырат.

**Макаланын актуалдуулугу** Т. Сыдыкбековдун аталган чыгармаларынын жанрдык өзгөчөлүктөрүн эске алуу менен, портреттик сүрөттөөнүн каармандардын образын түзүүдөгү негизги көркөм каражат жана чыгарманын поэтикасындагы маанилүү көркөм элемент катары ээлеген ордун, функциясын жана өзгөчөлүктөрүн белгилөөнүн зарылдыгы менен шартталат.

**Изилдөөнүн ыкмалары, каражаттары жана материалдары. Изилдөөбүздүн объектиси** – Т. Сыдыкбековдун «Жол» жана «Бел-белес» романдары. **Изилдөөнүн предмети** – аталган чыгармалардын поэтикасындагы портреттик сүрөттөөлөр жана алардын каармандын көркөм образын түзүүдөгү, мүнөзүн ачуудагы, ошондой эле чыгарманын жалпы идеялык-көркөмдүк түзүлүшүндөгү ролу.

Изилдөө процессинде бир нече илимий методдор пайдаланылды. Биринчиден, биографиялык метод аркылуу адабий текст менен автордун өмүр баянынын ажырагыс байланышы эске алынды. Жазуучунун өмүр жолу, дүйнө таанымы жана доордук шарттар анын аталган чыгармаларынын көркөмдүк түзүлүшүндө портреттик сүрөттөөлөрдүн ордун түшүнүүдө негизги фактор катары каралды. Экинчиден, адабий салыштырма метод колдонулуп, автордун чыгармаларынын композициясында маанилүү орун ээлеген портреттик сүрөттөөлөр салыштырылды. Бул ыкма аркылуу «Жол» романындагы эскерүү мүнөзүндөгү реалисттик портреттер менен «Бел-белестеги» коомдук өзгөрүүлөр шартындагы каармандардын портреттери салыштырылып, алардын образ түзүүдөгү, каарман мүнөзүн ачуудагы жана чыгарманын идеялык-көркөмдүк түзүлүшүндөгү орду аныкталды. Үчүнчүдөн, баяндоо ыкмасы пайдаланылып, изилдөөнүн мазмунун ireттүү жана ырааттуу баяндоо ишке ашты, портреттик сүрөттөөлөрдүн чыгарманын поэтикасындагы көркөм функциясы белгиленди. Бул методдордун айкалышы макаланын илимий натыйжалуулугун камсыз кылып, портреттик сүрөттөөнүн Т. Сыдыкбековдун «Жол» жана «Бел-белес» романдарынын поэтикасындагы өзгөчө ролун терең ачып берүүгө – изилдөө ишинин негизги жыйынтыктарын чыгарууга мүмкүндүк берди.

“Т. Сыдыкбеков 1960-жылдардан кийин да көп роман жазды. Алар “Батийна”, “”Зайыптар”, “Курбулар”, “Ыманбай пейили”, ”Жол”, Көк асаба”, “Бел-белес” деп аталып, кыргыздардын байыркы тарыхынан тартып, азыркы турмушуна дейре камтыйт. Ал эми деңгээли сапаты ар түрдүү. Ачыгын айтканда, тарыхый жана өмүр баяндык баалуулугу, жаңылыгы жагынан “Көк асаба”, “Жол”, “Бел-белес” романдары гана өзгөчө көңүл бурууга арзыйт”, – деп адабиятчы А.Эркебаев жазуучунун “Жол” жана “Бел-белес” чыгармаларынын кыргыз адабиятындагы мемуардык, автобиографиялык багыттагы баалуулугун жана ордун белгилейт (Эркебаев, 2023, 126-б.). Чындыгында жазуучунун “Жол” жана “Бел-белес” романдары кыргыз адабиятында автобиографиялык-мемуардык мүнөздө жазылып, реалдуу кыргыз коомун, андагы интеллигенциянын өкүлдөрүнүн реалдуу турмушун, башкача айтканда, кыргыз элинин тарыхындагы бурулуш доордун айкын элесин тарткан, көркөм чагылдырган баалуу чыгармалардын катарында. Мемуардык, автобиографиялык чыгармаларга окуялар биринин артынан бири келген түз сызыктуу сюжет мүнөздүү эмес, автордун мындай мемуардык чыгармаларга мүнөздүү болгон эркин, жасалмалуулугу жок, өткөнгө кайрылуу, кайра учурга келүү, окуяларды ретроспективдүү чагылдыруу сыяктуу сюжет түзүүдөгү жогорку чеберчилиги өзгөчө көңүл бурчу жагдай. Мындай традициялуу эмес сюжет түзүүдө салттуу эпикалык баяндоодон айырмаланып, табышмактуулук, философиялык ой жүгүртүү деталдары орун алып, сюжеттин курчушунда чыгармага эффект берүүчү чыгарманын поэтикасынын негизги элементи болгон баяндоо, сүрөттөө, мүнөздөмө, диалог, автордук ремарка, комментарий, портрет, эпизод, эскерүүлөр жыш колдонулуп, чыгармага өзүнүн жандуу мазмуну, маңызы менен эмоционалдуу боёк берип турат. Чыгарманын тили бай. Портреттик сүрөттөөлөр жыш жана орундуу колдонулгандыгы автордун чеберчилигин, тажрыйбасын айгинелеп турат. Автор тарабынан колдонулган адабий ыктардын жана каражаттардын арасынан каармандардын образын түзүүдө портреттик сүрөттөө өзгөчө ыктуу колдонулагандыгы, ал чыгарманын поэтикасындагы ажырагыс көркөм каражат катары көрүнүшү көңүл бурчу жагдай.

Аталган эки чыгармасында тең Т. Сыдыкбеков дээрлик ар бир каармандын – башкы каармандардын жана эпизоддук каармандардын да портретин жогорку чеберчилик менен

түзүп, окурмандын аң-сезиминде көркөм элес жаратат, каармандардын мүнөзү оң же терс экендигине карай ой жүгүртөт, баа берет. Т. Сыдыкбековдун чыгармаларында портреттик сүрөттөө жазуучунун жеке өзүнө тиешелүү өзгөчөлүк менен берилет. Жазуучу портреттик сүрөттөө аркылуу окурманга ар бир каармандын элесин таасын тартат. Мисалы, “Менден бетер эби-сыны жок долдойгон Рай үстү – башына анча карабай карапайым. Өзү долдурап оозунан кеби түшүп кетчүдөй жай сүйлөп турганында жапкагырак көзү, борбойгон чоң мурдуну, салаңдаган алдыңкы эрди, анан ошого жараша ичине сыр катпаганы “лап” дедирип айтып салган кеби мага жагычу (Сыдыкбеков, 1996, 248-б.).

Автор чыгармадагы бир эпизоддо катышкан Райдын сырткы келбетин көркөм сөз каражаттары аркылуу чебер сүрөттөйт, окурманга каарман тууралуу так элес берет. “Кишиге кыпындай карасанатайлыгы жок долдураган,  ак дил момураган момун” Райдын ички дүйнөсүн ачып берүүдө портреттик сүрөттөө негизги көркөм каражат катары кызмат кылат.

Адабияттагы портрет түшүнүгүнүн теориялык негиздерине кыскача токтолсок, чыгармада портреттик сүрөттөө аркылуу каарманга тиешелүү өзгөчө сапаттар: анын сүйлөө өзгөчөлүктөрү, жүрүм-туруму, адаттары, сырткы келбети, кийими жана башка мүнөздүү белгилери чагылдырылат. Бул элементтер каармандын ички дүйнөсүн таанып-билүүгө жана анын коомдогу ордун түшүнүүгө жардам бере тургандыгын, анын көркөм чыгарманын поэтикасынын маанилүү элементи экендигин окумуштуулар өз эмгектеринде белгилешкен, бул маселе адабият таануу илиминде атайын изилдөөнүн обьектиси болуу менен илимий баалуу ойлор айтылган.  Мисалы: “Каармандын портрети – бул анын сырткы келбетин: жүзүн, дене түзүлүшүн, кийимин сүрөттөө. Бул сүрөттөө менен тыгыз байланышта жүрүм-турумдагы көзгө көрүнгөн белгилер: кыймыл-аракеттери, мимикасы, басышы, өзүн алып жүрүү манерасы. Ошондой эле көркөм чыгармада портреттик сүрөттөө бир эле учурда эки маанилүү жана бири-биринен ажырагыс көрүнүштү элестетүү (визуалдык) жана психологиялык мүнөздөмө берүү функциясын аткарат», - дейт орус окумуштуусу Л.А. Юркина (Чернец, Юркина, ,2004, 199,207-б.). Орус окумуштуусу Е.В. Хализевдин пикири боюнча, портрет – бул «мүнөздүн сырткы келбет аркылуу ачылышы» (Хализев, 2002)

Ал эми кыргыз окумуштуулары Р. Кыдырбаева, К. Асаналиевдин эмгегинде төмөнкүдөй мүнөздөмө берилет: Портрет (фр. – сүрөт, көрүнүш) – чыгармадагы каармандын сырткы өңү-түсүнүн, кебете-кешпиринин, кийим-кечесинин, жүрүш-турушунун, кылык-жоруктарынын сүрөттөлүшү. Жакшы жазылган портрет аркылуу каармандын образы ачылат, адамдын тышкы көрүнүшүн сүрөттөө аркылуу автор анын ички дүйнөсүнөн кабар берет ( Кыдырбаева, Асаналиев, 2004, 167-б).  Ошондой эле “Кыргыз адабияты энциклопедиялык окуу куралы” аталышындагы эмгекте **к**аармандын сырткы кебете-кешпирин, түспөлүн, кийим-кечесин сүрөттөө портрет деп аталары, жазуучу каармандын портретин тартууда ар түрдүү ыктарды колдонушу ыктымалдыгы, автор тигил, бул турмуштук кырдаалдарга байланыштуу каармандын сырткы көрүнүшүнүн айрым гана белгилерин берери, ушул белгилердин жыйынтыгынан каармандын сырткы көрүнүшүнүн толук портрети түзүлөрү белгиленет (Абдулхамидова, Ажыматова, 2004, 185-б).

Жогорудагы пикирлерден белгилүү болгондой, көркөм чыгармада портрет маанилүү ролду аткарат, башкача айтканда, каармандын сырткы келбетин сүрөттөө менен гана чектелбейт, алардын ички дүйнөсүн таанып-билүүгө жана анын коомдогу ордун түшүнүүгө жардам бере турган көркөм поэтикалык элемент болуп эсептелет. Чыгармадагы

каармандарды портреттик сүрөттөөдө изилдөөчүлөр каармандын портреттик белгилери катары табигый өзгөчөлүктөрдү (бет түзүлүшү, дене түзүлүшүнүн өзгөчөлүктөрү), ички жан дүйнө абалын чагылдырган өзгөчөлүктөрдү (мимика, жаңсоо, абал, жүздүн көрүнүшү), ошондой эле адамды коомдун мүчөсү катары мүнөздөгөн портреттик белгилерди (кийим, сүйлөө манерасы, өзүн алып жүрүү жөндөмү) сыяктуу компоненттерди белгилешет.

Илимпоздор өз эмгектеринде портреттик сүрөттөө түшүнүгүнө илимий негизде аныктама берип, түрлөрүн белгилөө менен катар, анын көркөм чыгарманын поэтикасынын негизги элементи жана образ түзүүдөгү маанилүү каражат экендигине кеңири токтолушат. Ошондой эле, портреттин адабий каарманды мүнөздөөдөгү функциясына, улуттук, социалдык жана психологиялык аспекттерди чагылдыруудагы ролуна өзгөчө көңүл бурушат.

Портрет көркөм чыгарманын поэтикасынын маанилүү элементи, образ түзүүдөгү негизги каражат болуп саналат жана чыгарманын жанрдык түрүнө жараша да өзгөчөлүктөргө ээ болот. Эпикалык жанрдагы чыгармалардагы портреттик сүрөттөө лирикага караганда көбүрөөк сүрөттөлүп жаткан көрүнүштөрдүн өзүнүн мүнөзүнө негизделет. Каармандын сырткы келбети жана жүрүм-турум өзгөчөлүктөрү анын мүнөзү менен байланышта болуп, ошондой эле чыгарманын өзгөчөлүктөрүнө, мейкиндик жана убакыт биримдигинин спецификасына (хронотоп), психологиялык түзүлүшүнө, нравалык баалоо системасына жараша аныкталат. Мисалы, мемуардык жана автобиографиялык чыгармалардын сюжеттик түзүлүшүнө, композициялык курулушуна, автордук баяндоо ыгына, башкача айтканда, анын реалдуу окуяларга негизделген табиятына ылайык портреттик сүрөттөө да өзгөчөлөнөт.

Мындай чыгармаларда портреттик сүрөттөө реалдуулукка жана тактыкка умтулат, автор чыныгы адамдарды – өзүн же жакындарын сүрөттөгөндүктөн, портреттерде конкреттүү, так деталдар басымдуулук кылат: бет түзүлүшү, кыймыл-аракет, сүйлөө манерасы, каармандын психологиялык абалы ж.б. Мисалы, автор өз жакындарынын портретин өзгөчө чеберчиликте бере алган. “Энемдин өңү бозоруп, ээрди кеберсип, өзү арып калган сыяктуу. Атка бастырышы дале тың” (Сыдыкбеков, 1996, 48-б.). Асылжан жеңемдин жаны тынбай татынакай колдору эпилдеп саан саайт. От жагат. Эжекем ошо сенек колу менен эле ийик ийрет, сайма саят. Анан эртең менен энемдин жанына олтуруп кошок кошушат (Сыдыкбеков, 2022, 35-б.).

Портрет – бул ар бир мемуардык жана автобиографиялык мүнөздөгү баяндаманын ажырагыс компоненти. Бул туурасында окумуштуу Т.Г. Симонова автобиографиялык жана мемуардык жанрдагы чыгармалардагы каармандардын образдары эки тараптуу мүнөзгө ээ экендигин, тагыраак айтканда, алар өз прототиптерине жакындатылган жана ошол эле учурда алардын дал өзү эмес экендигин белгилейт (Симонова, 2002, 32-б.). Жазуучу Т. Сыдыкбеков да “Жол” жана “Бел-белес” чыгармаларында өзүнүн замандаштарынын өзгөчө сүрөттөлүшү жана көркөм жаркындыгы менен айырмаланган портреттерин ийгиликтүү жарата алган. Бул чыгармаларда портреттик сүрөттөө көркөм образ жаратуунун каражаты, чыгарманын поэтикасынын көркөм элементи катары көрүнөт. Башкача айтканда, автор портреттик сүрөттөө каражатын көркөм чыгармада жөн гана каармандардын тышкы келбетин сүрөттөө үчүн эмес, терең чыгармачыл жана идеялык максаттар үчүн колдонот. Мисалы, “Жол”романында: “Алда немнеси унут калгансып, бээсинин башын буруп энем алаканын маңдайына серепчиледи – арт жакка карады (Сыдыкбеков, 2022, 56-б.). “Энем мени эркекчесинен жерден так көтөрүп өңөрүп алды” (Сыдыкбеков, 2022, 115-б.). Менин күчтүү, кайраттуу энемдин жаркын бети тамылжып, ысык жашка жуулуп жатты”

(Сыдыкбеков, 2022, 137-б.). Ушул сыяктуу портреттик сүрөттөөлөр аркылуу балдарынан, жарынан ажырап кайгы тартып, журт башына келген азапка кабылып, кан жутуп, "кайгы казаны башына көмөрүлүп" турса да, сынбаган кайраттуу, алы-күчү бар күчтүү эненин жан дүйнөсүнөн кабар берет, кыргыз аялдарынын ошол каатчылык мезгилдердеги элесин тартат. Ал эми "Бел-белес" романында ошол эле эненин портрети аркылуу жашынан азапты көп тарткан, башынан нечендеген кыйынчылыктар өтүп, узак кайгы-муңга толтура азаптуу жолду басып өтүп, эми ооруга чалдыгып, өмүрүнүн акыркы мезгилдерин жашап турса да, баласы үчүн жанын курмандыкка чалып, дагы эле эч нерсени сездирбей күчтүү, дагы эле кайраттуу, баласын келечекке тике кароого үндөп, жаркын жашоого шыктандырган чыныгы кыргыз эненин жаркын образы чагылдырылат. "Ооруксуганын, талыкшыганын, чарчаганын эч сездирбеди". "Шыңга бою саал эңкейген кебетеде абдан эле азып калган энекем менден көзүн албай жайдары селейди" (Сыдыкбеков, 1996, 293-б.). "Жол бою энем ушуларды айтып келатты эч ашыкпай. Жанынын кыйналганын, ичтеги муңун, өкүнүчүн эч сездирбеди. Чүрпө чагымда койнуна катып мени Ажалдан сактап калган энем ушул акыркы сапарында өзү көрдүн четин басып, үлдүрөп калган кезинде да мени ажалдан коргоп өзү курман болуп баратты. Бир маалда мага жарык жүз менен карап туруп энем маңдайыман сылап койду" (Сыдыкбеков, 1996, 294-б.).

Ошондой эле автордун бул чыгармаларында өзүн-өзү таанып билүүсү, автопортрет, орун алат. Башкача айтканда, автор өзүн сүрөттөө аркылуу өзүнүн жашоосу, тагдыры, өзгөрүүлөрү тууралуу ой жүгүртөт. Чыгармада автопортреттин берилиши чоң идеялык жүктү аткарат, ал аркылуу мурунку «өзүн» эстейт, ошол аркылуу окурманга жашоонун оор шарттарындагы рухий тазалык жакшы жашоого болгон умтулууну жана үмүттү жеткирет. Автордун аталган чыгармаларында берилген автопортрет өзүн-өзү аңдоосун, өзүн-өзү таанып билүүсүн, социалдык жашоо шартты, жан дүйнөсүндөгү сезимдерди, эмоцияларды, коомго карата көз карашты ж.б. чагылдыруу функциясын аткарат. Жан дүйнө абалын, тагыраак айтканда, автор өзүнүн психологиялык портретин түзүүдө "Жолдо" дүйнөнүн оош-кыйышын али жетик түшүнө элек баёо баланын таң калуусу, коркуусу, сыймыктануусу "момурап калуу," "аңкаюу", "селейүү", "мостоюу", "момураюу", "эдирейүү", "делдейүү", "элеңдөө" деген сыяктуу абалды түз айтпай, образдуу чагылдырган көркөм сөз каражаттары аркылуу сүрөттөлөт. Чыгармада автор баланын жан дүйнөсүнүн, дүйнөнү кабыл алуусунун, элестетүүсүнүн, ой жүгүртүүсүнүн спецификасын өзгөчө кеп конструкцияларынын жардамында образдуу сүрөтөөсү төмөнкү мисалдардан көрүнөт: "Мен ошолорду көргөнүмдө коркконумдан *момурап, мостойдум* (корккондо) (Сыдыкбеков, 2022, 62-б.). "Мен *элеңдебей* каламын" (беймаралчылыкта). "Мен *элеемин* – үнгө кулак төшөйм" (чочулаганда) (Сыдыкбеков, 2022, 78-б.). "Абылкасым кантип беш атар асынып жүрөт деп *делдеер* элем (таң калганда) (Сыдыкбеков, 2022, 188-б.). "Мен ушуларды ойлондум го. Момурап *нес болгонсуп, делдейдим* (катуу таңданганда)". "Мен да бериректе *шөлпөйүп* үн чыгарам" (анча тың эмес) (Сыдыкбеков, 2022, 370-б.). "...акем ырдабайт да, бакылдабайт да, тек Семетейче курсүйөт", - деп *эдиреемин*" (сыймыктануу) (Сыдыкбеков, 2022, 206-б.).ж.б.у.с. Бул – бала дүйнөсүнүн аруулугун, тазалыгын, бул дүйнөдөн бейкапар жан дүйнөсүн, жашоонун оош-кыйышын түшүнө элек, дүйнөгө көз карашы калыптана элек "ачына, жылаңачына муңайбаган, муңайса да аны тез унуткан", жашоонун татаал жолун али түшүнө элек баёолугун ачып берүүдөгү негизги каражат, автордун жеке табылгасы. Автор каармандардын жан дүйнөсүндөгү ар кандай абалды ачууда элестүү этиштерди ийгиликтүү колдоно алган.

Ал эми “Бел-белесте” бала эр жетип, салабаттуу эл оозуна алынган белгилүү жазуучунун жан дүйнөсүндөгү абал автордун портрет түзүүдөгү индивидуалдуулугун, чеберчилигин аныктап турган өзгөчөлүк менен берилет. Анда “элендей басуу”, “анкаюу”, “энтеңдөө”, “элирейүү”, “тирмейүү”, “одураюу”, “темтеңдөө”, “селейүү”,“эндирөө”, “чепеңдөө” ж.б.у.с. элестүүлүктү туюндурган этиштер аркылуу окурманга өзү менен өзү алек, ыкы-чыкы менен иши жок, табиятынан уяң, тартынчаак, бүт дүйнөсүн чыгармачылыкка арнаган, оор оору менен алпурушуп, аны жеңүүгө бүт дитинен аракет жасаган, айыгып кетсе эле элдин басып өткөн жолу жөнүндө дагы да мыкты китептерди жазып, элге кызмат кылсам, теңтуштары сыңары жаркын жашоонун даамын мен да татсам  деген изги тилеги бар өтө жөнөкөй сөз өнөрүнүн ээсинин элеси тартылат. “Булар кайсы деп *эндирей калганымда* абдан эле жапыс фанер эшик ачылды” (Сыдыкбеков, 1996, 259-б.). “Деги тааныштар жолукса экен дедим *ичтен селейип”* (Сыдыкбеков, 1996, 261-б.).  “Таскыл жолдо жаза басып *темтеңдедим*”. “Кайрадан *тирмейемин”* (Сыдыкбеков, 1996, 263-б.). *“Элейдим. Делдейдим*. Чоң калааны көрүп турганыма сыймыктандым” (Сыдыкбеков, 1996, 253-б.). “Мен *аңкаям.* Тан калам. Ошо бир заманда береги өзөндө болуп өткөн чабышты элестете-элестете улама кебин кулакка куямын” (Сыдыкбеков, 1996, 254-б.). “Кол арага жарабаган жалгыз мен. *Түйтөйүп* четте турамын” (Сыдыкбеков, 1996, 35-б.). ж.б.

Т. Сыдыкбековдун “Жол” жана “Бел-белес” чыгармаларында көркөмдүк менен автобиографиялуулуктун тыгыз байланышта болуп, анда жанрдык чек так бөлүнбөгөндүгүн көрүүгө болот. Ошондуктан, чыгармалардагы замандаштардын портреттерин мемуардык прозанын поэтикасынын бир элементи катары карайбыз. ” Кызыл жабылып чоң гүлдесте ортолото коюлган узун үстөлгө өбөктөй берип алданемени жазып жаткан пролетарчыл акын, Кыргызстан Жазуучуларынын серкеси – Аалы Токомбаевдин мүйүз алкактуу көз айнеги али жапжаш профессордун айдыңын берди.Уюлгуган саргылт чачы ак жуумал ирeңине деле куюлгандай жараша калып, чынында акынды айдыңдуу көрсөттү” (Сыдыкбеков, 1996, 179-б.). “Адаттагыдай колтугундагы бапкасын салмактагансып, Кубанычбек оң жагына кыйшая басып, Темиркул үрөн сепкенсип анда-санда колду жаңсап кедеңдебей жоош басып...” Алардын жоош, оор басырык, момун табиятын көрсөтөт (Сыдыкбеков, 1996, 261-б.). Ошол кездеги жазуучулар союзунун төрагасы Аалынын, замандаш жазуучулар Кубанычбек, Темиркулдун элесин табигый, эч бир жасалмасыз, ишенимдүү ынанарлык сүрөттөп, окурманга жеткирет, ж.б. көптөгөн замандаштарынын, жакындарынын, айылдаштарынын портреттерин элестүү берет. Сыдыкбековдун аталган чыгармаларында портрет көбүнчө каармандын ички дүйнөсүн көркөм деталдар аркылуу кыйыр чагылдырган каражат катары колдонулат.

Каарман тууралуу так элес окурманга анын ойлору, сезимдери, жасаган иштери жана сүйлөө өзгөчөлүктөрү аркылуу берилет, ошондуктан, айрым учурларда портреттик сүрөттөө болбой калышы да мүмкүн. Адабияттагы негизги кызыгуу адамдын сырткы келбетине эмес, анын ички дүйнөсүнүн өзгөчөлүктөрүнө багытталат. Бирок портреттик сүрөттөө колдонулган чыгармаларда ал каарман образын жаратуунун маанилүү каражаттарынын бири болуп эсептелет. Түгөлбай Сыдыкбековдун романдарында да портрет каарман образын жаратуунун маанилүү каражаттарынын бири катары орундуу колдонулуу менен  каармандын жандуу толук кандуу ачылышына көмөк болот. Мындай кырдаалдарда, же учурда образды жандандырат. Портреттик сүрөттөө же адабий каражаттар үстүртөн сүрөттөө кызматын аткарбай, каармандын образын ачуудагы, чыгарманын көркөм түзүлүшүндөгү негизги

элемент катары кызмат аткарат. Портреттик сүрөттөө аркылуу автор каармандын сырткы келбети, анын жаш курагы, улуту, коомдогу социалдык абалы, табити, көнүмүш адаттары, мүнөзү, кызыгуулары жөнүндө кабар бере алат. Тагыраак айтканда, мында адамдын биринчиден, табигый өзгөчөлүктөрү, экинчиден, коомдук-социалдык мүнөздөмөсү (кийим кийгени, өзүн алып жүрүүсү, сүйлөө манералары ж.б.), ошондой эле, үчүнчүдөн, адамдын беттеги көрүнүшү, жаңсоолору, отуруп-туруусу, башкача айтканда, адамдын ички сезим-туюмдары, психологиялык абалы да сүрөттөлүшү мүмкүн.

Т. Сыдыкбековдун аталган чыгармаларында портреттик сүрөттөөнүн статикалык да, өзгөчө, динамикалык түрү кеңири орун алат. Бул туурасында мурдагы иликтөөлөрүбүздө да белгилегенбиз. Адамдын сырткы келбетин сүрөттөөнүн эки тиби бизге белгилүү: статикалык типте каарман чыгармада биринчи жолу көрүнгөндө эле, же тынч абалында анын тышкы келбети сүрөттөлөт, экинчи ыкма – каарманды динамикалык сүрөттөө. Бул ыкмада окурман каарман тууралуу маалыматты акырындык менен, мозаика сыяктуу чогултат – окуянын өнүгүшү менен анын келбетинин жаңы элементтери ачылат, башкача айтканда, кыймылда сүрөттөө (Акматова, Дамилова, 2025, 580-б).

Статикалык портретти айрым окумуштуулар экспозициялык деп да аташат. Адабиятта каармандардын сырткы келбетин сүрөттөөдө ар түрдүү ыкмалар жана формалар пайдаланылганына карабастан, окумуштуулар портреттин эки негизги түрүн бөлүп көрсөтөт: экспозициялык (статикалык) портрет жана динамикалык (иш-аракет менен айкалышкан) портрет. Экспозициялык портрет – бул каармандын жүзү, дене түзүлүшү, кийими, жаңсоолору жана сырткы белгилери өтө майда-чүйдөсүнө чейин сүрөттөлгөн портрет. Ал көбүнчө баяндоочунун атынан берилет жана жазуучунун социалдык тип катары сүрөттөлүп жаткан каарманга болгон кызыгуусун чагылдырат. Бул түрдөгү портрет жазуучунун конкреттүү коомдук катмарга тиешелүү инсанды көрсөтүүгө умтулуусун билдирет (Чернец, Юркина, 2004, 199,207-б.).

Экспозициялык портреттин татаалыраак түрү психологиялык портрет болуп саналат. Анда негизинен каармандын сырткы келбетиндеги өзгөчөлүктөр анын мүнөзүн жана жан дүйнөсүн ачып берүүгө багытталган. Адабиятта экспозициялык портрет кеңири орун алган. Бул портреттик сүрөттөөдө каармандын сырткы келбетин баяндоо анын социалдык-психологиялык мүнөздөмөсү менен айкалышат жана анын өмүр баянындагы фактылар менен коштолот. Бул көрүнүш Т. Сыдыкбековдун чыгармачылыгынан ачык көрүнүп турат. Анын аталган чыгармаларындагы портреттик мүнөздөмөлөрдүн өзгөчөлүктөрү каармандардын ички дүйнөсүн сүрөттөө чөйрөсүнүн кеңейиши менен байланыштуу. Окурманга каарманды көз алдына ачык элестетүүгө мүмкүнчүлүк берген таасир калтырат. Ошондой эле сырткы көрүнүштүн майда-чүйдөсүнө чейин сүрөттөлүшү, каармандардын психологиялык портретинин берилиши Т. Сыдыкбековдун чыгармачылыгына мүнөздүү өзгөчөлүк болуп саналат.

Каармандын портрети окурманга аны өзүнчө бир мүнөздөмө катары тааныштырып койбостон, тескерисинче, анын жашоосуна, сезимдерине, жан дүйнөсүнө тереңдеп кирүүгө жардам берген формада берилген учурда, ал, адатта, кыскача элестүү сүрөттөмөлөр түрүндө колдонулат жана баяндоонун так бир жерине гана байланып калбастан, көркөм зарылчылыкка жараша чыгарманың ар кандай бөлүктөрүндө пайда болуп турат. Т. Сыдыкбеков өз каармандарын дал ушундай ыкма менен сүрөттөгөн. Мисалы, “Бел-белесте”

бир эле учурга токтололу, башкы каармандардан эмес, катардагы эле каарман Нуржамалдын портрети дал ушундай ыкма менен түзүлгөндүгүн белгилей кетсек болот. “Торсоңдогон кара тору келинчек чыга келди. Деле ак сарай ордодон чыккандай кабагым-кашым дебестен бизге эдиреe карап алды” (Сыдыкбеков, 1996, 259-б.). “Тили тыкылдап, тактайды да оё басып Нуржамал куурма даярдады” (Сыдыкбеков, 1996, 260-б.). ”Нуржамал кызыкка баткандай каткырып алды... Нуржамал тыкылдады” (Сыдыкбеков, 1996, 260-б.). ушул сыяктуу портреттик сүрөттөөлөр каармандардын иш-аракетине, көркөм зарылдыкка жараша орун алып отурат.

Аталган чыгармаларда көп учурда портрет башка бир каармандын кабыл алуусу, таасирленүүсү аркылуу берилет. Бул ыкма портреттин функциясын кеңейтет, анткени ошол кабыл алган, экинчи каарман жөнүндө таасирленүүсүн билдирип жаткан каармандын өзүн да мүнөздөйт. Мисалы “... айланасы каланган бөлмөчөдө бир орус экөө сүйлөшүп олтурушат. Дегеле профессордон бетер мүйүз алкак көз айнекчен. Чачын кантесиң дагы. Тим эле атайы сеңселет экилене” (Сыдыкбеков, 1996, 250-б.). Мында “Бел-белестеги” Рай чыгармадагы Аалы жөнүндө жактырбаган оюн, ал жөнүндөгү өз пикирин билдирет . “Жар күтчү киши ушундай болобу? Майкеси көз-көз тешик, батынкеси майрык. Мындай жигиттер кыздын жанын койбой чимирилтип “чарлистонду” бийлегенде тим эле багелеги полду желпийт. Өмүрүндө утюг көрбөгөн мунуңдун багалеги кызыл ашыгында телтеет”- дейт жаш жазуучу жөнүндө Акысбектин жары Нуржамал (Сыдыкбеков, 1996, 264-б.). Оору менен алпурушуп жүрүп, өзү менен өзү болуп, кургак учуктун айынан теле-тентуштарынан да обочолоно түшкөн, ыкы-чыкыны изелебеген, баарын жан дүйнөсүндө талдаган, кем сөз, тартынчаак, жаш болсо да бир топ чыгармаларды жаратып, эл оозуна алынып калган, убактысынын баарын чыгармачылыкка арнаган жаш жазуучунун өтө жөнөкөй элеси берилет. Мындай портреттин башка бир каармандын кабыл алуусу, таасирленүүсү аркылуу берилүүсү анын көркөм бүтүндүгүн камсыздайт.

Адабият – бул убакытка байланышкан искусство, анда каарман дайыма өзгөрүүдө жана өнүгүүдө көрсөтүлөт. Аталган чыгармаларда баяндоо көп учурда каарманды бала чагынан, же жаш кезинен баштап сүрөттөп, андан кийин чоңойгонун, карылыгын чагылдырат. Жазуучу баяндаган каармандын өмүр тарыхы анын «сырткы адам» катары да өзгөрүп-өнүгүү тарыхын камтыйт.

Чыгармадагы момурайган баёо бала салабаттуу адам, атактуу жазуучуга чейин өсүп жетилгени, жаш кайраттуу, эч нерсеге моюн сунбаган эненин, карылыкка моюн сунуп, өз кара жаны менен алек болуп оору менен алпурушуп мүңкүрөп турса да, кайратынан жазбаган эненин портретинин берилиши мунун мисалы болот. Каармандын кыймылда болуусу романдын сюжетинде гана эмес, окурмандын кабыл алуусунда да байкалат. Жазуучу үчүн маанилүүсү – каарманды ар кыл көрүнүштөрдө гана көрсөтүү эмес, анын образын башынан аягына чейин бирдиктүү жана толук кандуу сакталып турушун камсыз кылуу.

Каармандардын портретиндеги, сырткы келбетиндеги маанилүү элементтердин бири – алардын кийими. Каармандардын кийген кийимдери алардын жашоо шартын, социалдык абалын, мүнөзүн ж.б. аныктап турат, ал бир эле учурда буюм жана белги кызматын аткарат. Кийим аркылуу аны кийген адамдын эстетикалык, моралдык көз караштары чагылдырылат. Мисалы, Айыке эненин кара кийими жоготуунун, муңдун, аза күтүүнүн белгиси катары берилет. “Энем ортодо. Бүркөнө салынган ак жоолук капкара тасма менен алкактап

бастырып койгонго ал тептегерек болуп, энемдин башында эң эле жарашыктуу... Энемдин мага сонун көрүнгөн карасы башынан түшпөйт. Кошок кошордо кереге жакка карап, жупжука дукаба чапанын желбегей жамынып, эки бөйрөгүн таяна олтурганында энемдин бүт денеси титирейт. Үнү муңканат" (Сыдыкбеков, 2022, 24-б.). "Көгүш дукаба чепкени өзүнө кең келип калыптыр. Мени жадырап тосуп алды" (Сыдыкбеков, 1996, 292-б.). Бул эпизоддо кийим бир убакта салабаттуу, сөөктүү, кайраттуу эненин сыркоолоп, арыктап азган, образын ачууга көмөк болду. "Үстүнө кийгени өз кийими эмес, шөлбүрөк боз чепкен. Башында кандайдыр бир ак малакай. Илелей басып таяк таянат" (Сыдыкбеков, 2022, 94-б.). Мында капсалаңдуу учур, тынч эмес окуя болуп өткөнүнөн кабар берип турат.

Т. Сыдыкбеков "Жол" жана "Бел-белес" романдарында каарман образын түзүүдөгү негизги адабий ыкмалардын бири портреттик сүрөттөөнү максаттуу колдонот. Анда каармандын портрети анын сырткы келбетин: жүзүнүн түзүлүшүн, дене түзүмүн, кийимин анын жүрүм-турумун сүрөттөө гана эмес, аны кыймыл-аракеттери менен да тыгыз байланышта сүрөттөп берүү функциясын аткарат. Жазуучу өзүнүн каарманынын портретин түзүп жатып, анын индивидуалдуу сапаттарын өзгөчө белгилеп, башка каармандардан айырмалап көрсөтөт. Ошондой эле автор өзүнүн баасын – идеализацияланган же терс көз карашын кыйыр түрдө билдирет. Каармандын сырткы келбети анын ички дүйнөсүн түшүнүүдө негизги ачкыч болуп эсептелет.

**Корутунду.** Жыйынтыктап айтканда, Т. Сыдыкбековдун "Жол" жана "Бел-белес" романдарынын автобиографиялык, мемуардык табиятына жана жеке автордун чеберчилилигине, индивидуалдык стилине ылайык портреттик сүрөттөө өзгөчө формада берилген: кээде тышкы көрүнүшкө чоң көңүл бурса, кээде психологиялык портретке көңүл бурулат. Анда жазуучу каармандын сырткы көрүнүшү аркылуу анын ички дүйнөсүн кыйыр түрдө окурманга ачып берүүгө аракет кылат, психологиялык портрет аркылуу сырткы көрүнүш менен каарман мүнөзүнүн, социалдык абалынын жана адаттарынын ортосундагы байланыш көрсөтүлөт. Жазуучу өз каарманынын портретин түзүүдө башкалардан бөлүп көрсөтөт жана ага карата автордук баасын берип, оң же терс көз карашын билдирет. Мында каармандын сырткы келбетин сүрөттөө анын ички дүйнөсүн, адамдык сапатын түшүнүүгө жардам берүүчү каражат катары кызмат кылат.

Жазуучунун жогоруда аталган чыгармаларында портреттик сүрөттөө чыгарманын поэтикасындагы негизги көркөм элемент болуп саналат жана бир топ функцияны аткарат: каарман мүнөзүн ачууда негизги каражат; каармандын ички дүйнөсүн, сезимин чагылдырат (психологиялык); анын коомдогу ордун, жашоо шартына байланышын көрсөтөт (социалдык); окуя өнүгүшүнө, чыгарманын сюжетине таасир этет; ар кандай сүрөттөөлөр аркылуу жашоонун терең маанисин символдоштурат. Аталган чыгармалардагы портрет көркөм дүйнөнүн ажырагыс бөлүгү болуп, каарманды гана эмес, автордун өзүнүн коомго, элге, доорго болгон көз карашын да чагылдырат. Демек, портреттик сүрөттөө – адабий чыгарманын поэтикалык түзүлүшүндөгү маанилүү компонент. Ал каарманды тааныштырып гана тим болбостон, анын ички дүйнөсүн, коомдогу ордун, автордун мамилесин да чагылдырат. Ал чыгарманы эстетикалык жана эмоционалдык жактан байытат, окурманга каарманды элестетүүгө жардам берет, окурмандын түшүнүгүнө жана таасирленүүсүнө өбөлгө түзөт; образды таасын, толук калыптандыруу мүмкүнчүлүгүн түзөт, автордук идеяны тереңдетет, теманы ачууга салым кошот. Ошол эле учурда символдук-маанилик, идеялык

жүк көтөрөт, тагыраак айтканда, чыгарманын поэтикасындагы ажырагыс компонент, негизги көркөм элемент болуп саналат.

**Колдонулган адабияттар**


1. Абдулхамидова Б. Ажыматова З. Акматалиев А.(Ред) (2004). Кыргыз адабияты энциклопедиялык окуу куралы. Бишкек: Мамлекеттик тил жана энциклопедия борбору.
2. Акматова В. С., Дамилова Н. А. (2025). Образ матери и ребенка в мемуарном произведении Т. Сыдыкбекова «Путь». *Бюллетень науки и практики*. т. 11, №7. сс. 580-586. https://doi.org/10.33619/2414-2948/116/82.
3. Кыдырбаева Р., Асаналиев К.(2004). Кыргыз адабият илиминин терминдер сөздүгү. Бишкек.
4. Минина В.В. (2015). Два портрета, два художественных образа французской литературы. *Вестник Северного (Арктического) федерального университета. Сер. Гуманитарные и социальные науки*, №4, сс. 85-92. https://www.elibrary.ru/download/elibrary_24292014_54678323.pdf
5. Симонова Т.Г. (2002). Мемуарная проза русских писателей XX века: поэтика и типология жанра. Гродно.
6. Сыдыкбеков Т. (1996). Бел-белес. Бишкек: “Акыл” мамконцерни.
7. Сыдыкбеков Т. (2022). Жол: Автобиографиялык роман. Жаштар үчүн. Бишкек: Жамгыр.
8. Сыдыкбеков Т. (1982). Жол: Автобиографиялык роман. Жаштар үчүн. Бишкек: Мектеп.
9. Үкүбаева, Л. (2008). Ч.Айтматовдун Каармандарынын көркөм дүйнөсү. – Бишкек.
10. Хализев В.Е. (2002). Теория литературы: Учебник. Москва: Высшая школа.
11. Чернец Л.В, Юркина Л.А. (Ред) (2004). Введение в литературоведение: учебное пособие. Москва.
12. Эркебаев А. (2023). Рух дүйнөсүн аңтарып.1-китеп. Бишкек: “Улуу тоолор”.